**Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын**

**№ <u>5</u> Ч Е Ч И М И**

**“<u>13</u>” апрель 2021 ж.**

**Кызыл-Суу а.**

“Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо келип түшкөн арызды кароо боюнча Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму

2021-жылдын 12-апрелинде Жети-Өгүз аймагынын №3 Чырак округунан Аманбаев М., Асанова Б., Бегалиев А., Эсеналиев Т., Кызаева К. жана А. Абдраимованын арызын карап чыгып,

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык, *“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоону өткөрүү үчүн аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен, ушул Мыйзам менен белгиленген жоболорду эске алуу менен добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын иштеп чыгат жана аларды бекитүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына киргизет.”.*

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин ченемдеринин негизинде 21 мандаттту Жети-Өгүз айылдык кенешинде үч шайлоо округу түзүлгөн. 2016-жылы жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын шайлоосуна 3 шайлоо округу түзүлүп, Чырак менен Кабак айылдары бир шайлоо округу болуп түзүлгөн ал эми 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын шайлоосуна 3 шайлоо округу түзүлүп, Чырак менен Кабак айылдары бир шайлоо округу болуп кайра түзүлгөн. Бүгүнкү күнгө чейин эч кандай жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан же болбосо айыл тургундарынан сунуш же арыз келип түшкөн эмес.

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана рефрендум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы 2021-жылдын 19-февралы №19 токтому менен “2021-жылдын 11-апрелине дайындалган Бишкек жана Ош шаардык кеңештеринин, Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ош, Талас, Чүй жана Ысык- Көл облустарынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн шайлоо округдарынын схемаларын жана чек араларын бекитүү жөнүндө” шайлоо округдары бекиген.

Ошондой эле, “Ысык-Көл кабарлары” областык газетага 2021-жылдын 26-февралынын №7-9 (118014) чыгарылышына бекитилген шайлоо округдары жарыяланган жана ар бир шайлоо участкаларына таратылган.

Бүгүнкү күнгө чейин шайлоо округдары туура эмес бөлүнүп калды деген сыяктуу арыз даттануулар Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясына келип түшкөн эмес.

Ал эми, кийинки жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын шайлоосуна эки айылды эки бөлөк округ бөлүү боюнча аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан караларын билдиребиз.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, мыйзамга ылайык шайлоо округдарын кароо мөнөтүү өтүп кеткендигине байланыштуу, бүгүнкү күндө арызды канаттандыруу мумкүн эмес.

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10, 44--беренелерине ылайык, Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. 2021-жылдын 12-апрелинде Жети-Өгүз аймагынын №3 Чырак округунан Аманбаев М., Асанова Б., Бегалиев А., Эсеналиев Т., Кызаева К. жана А. Абдраимованын арызы канаттандыруудан баш тартылсын.
2. Кийинки жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын шайлоосунда Чырак менен Кабак айылдарын эки бөлөк округ бөлүү жөнүндө карап чыгып, мыйзам чегинде өзгөртүп берээрин билдиребиз.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Н. Кыдымановага тапшырылсын.

**Аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Алымбаев Н.Т.**

**Аймактык шайлоо комссиянын катчысы** **Кыдыманова Н.А.**